2025

# Укуктарыңарды билгиле жана ишиңерди далилдегиле

**Мезгилдүү жумуш визасы менен иштегендер үчүн.**



Worker Support Centre

www.workersupportcentre.org.uk

Жумушчуларды колдоо борбору
support@workersupportcentre.org.uk
0800 058 1633

# Жумушчунун профили

Жумушчунун аты:

Ферманын аталышы (жумуш берүүчү):

Ферманын дареги:

Жумуш башталган күнү:

Программанын оператору:

# Билүүгө тийиш болгон маанилүү маалымат.

**Келишимиңиздин көчүрмөсүн сактап коюңуз.**

Ферма (жумуш берүүчүңүз) сизге келишимди жумушту баштаардан мурун бериши керек; ал электрондук же кагаз түрүндө болушу мүмкүн. Келишимдин көчүрмөсүн сактап алып, түшүнбөгөн нерселериңиз болсо, сураңыз. Кол коюудан мурун бардык документтерди түшүнгөнүңүзгө ынанып, түшүнбөгөн жерлериңиз болсо, аларды которуп берүүнү же түшүнүүгө жардам берүүнү сураныңыз.

## Иштеген сааттарыңызды жаза жүрүңүз.


Шотландиядагы айыл-чарба ишканалары кызматкерлеринин иштеген сааттарынын эсебин жүргүзүүгө милдеттүү. Бул жумушчу тарабынан жазуу жүзүндөгү иштөө убактысын эсепке алуу табелдерин толтуруп, аларды жумуш берүүчүгө жиберүү жолу менен, же жумуш берүүчүнүн кирүү/чыгууну каттоочу санариптик системасы аркылуу ишке ашырылышы мүмкүн. Сиз дагы иштеген сааттарыңыздын эсебин жүргүзүшүңүз керек. Жумушту аткарууга кеткен бардык сааттарыңызды жаза жүрүүнү унутпаңыз. Ал убакытка үйдөн (мисалы, фургондон) жумушка чыккандан баштап, кайра үйгө келгенге чейинки бардык убакыт, анын ичинде уруксат берилген эс алуу тыныгуулары дагы кирет.  Ал үчүн  16-беттеги календарды колдонсоңуз болот. Мүмкүн болушунча көбүрөөк маалыматты жаза жүрсөңүз, ал маалыматты чыр-чатак орун алган учурларда колдонуп, ишиңиздин далилин көрсөтө аласыз.

## Документтерди сактап коюңуз.

Эгер жумуш убактыңызды же жумушка байланыштуу башка маалымат камтылган каттарды, билдирүүлөрдү же электрондук каттарды алган болсоңуз, аларды кийинчерээк колдонуу үчүн сактап коюңуз. Мисалы, нөөмөт убактыңыз WhatsApp же башка платформалар аркылуу бөлүшүлсө, алардын скриншотторун тартып алсаңыз болот.

## Бири-бириңерди колдогула.

Башка жумушчулар менен сүйлөшүп, алардын тажрыйбасынан сабак алып, чыр-чатактар болгондо же иш убактысы, эмгек, тыныгуулар ж.б.у.с. жөнүндө көбүрөөк билгиңиз келсе, бири-бириңиздерди колдой аласыздар. Эгер жетекчиңиз же менеджер менен сүйлөшкүңүз келсе, башка жумушчуларды жаныңызга ээрчитип алсаңыз болот. Алар эмне сөздөр болуп жатканын угуп, окуялардын жүрүшүндө күбө катары да жардам бере алышат.



**Жумушчуларды колдоо борборунан, Профсоюздардан же колдоо кызматтарынан жардам сураңыз.**

Эгер колдоо керек болсо, бул жетектеменин аягында берилген байланыштарды колдонуңуз. Кеңеш жана колдоо алуу үчүн, Жумушчуларды колдоо борборунун ишеним телефонуна кайрылсаңыз болот.



# УКУГУҢДУ БИЛ

## Минималдуу эмгек акысы

Сизге кеминде Айыл-чарба тармагында төлөнүүчү минималдуу эмгек акысы / Мамлекеттик мыйзам боюнча каралган жашоо минимуму үчүн керектүү сумма төлөнүшү керек. Анын өлчөмү 2025-жылдын 1-апрелинен тартып саатына 12,21£ түзөт. Атайын квалификацияңыз болсо, көбүрөөк маяна алууга укуктуу болушуңуз мүмкүн.
Сизге жумасына кеминде 32 саат үчүн эмгек акы төлөнүшү керек (бул **жумушуңуз үчүн төлөө мезгили боюнча орточо эсеп менен эсептелиши мүмкүн**, мисалы, эгер сизге ай сайын маяна төлөнсө, кээ бир жумаларда 32 сааттан аз, ал эми кээ бир жумаларда көбүрөөк иштеген болушуңуз мүмкүн, бирок бүт ай боюнча алганда, орточо эсеп менен жумасына 32 саат чыккан), жумуш сиздин графигиңиз боюнча жеткиликсиз болсо да.

## Эмгек акыны эсептөө табелдери

Ар бир айлык акы төлөө күнү келгенде же ага чейин сизге эмгек акыны эсептөө табелдери берилиши керек. Анын ичинде төмөнкүлөр көрсөтүлүшү керек:

- Иштеген сааттар
- Кармап калууларга чейинки жана андан кийинки төлөмдүн суммасы
- Мыйзамдуу кармап калуулар (салык, Улуттук камсыздандыруу төлөмү)
- Бардык макулдашылган кармап калуулар (мис., турак жай же транспорт)
- Таза эмгек акы (сиз алган сумма менен дал келиши керек)

## Ашыкча иштөө

Төмөнкү учурларда сиз ашыкча иштеген болуп эсептелесиз:

- Күнүнө 8 сааттан ашык иштесеңиз; же
- Жумасына 48 сааттан ашык иштесеңиз

Бул, мисалы, сиз күнүнө 10 саат иштесеңиз, ал сааттардын 2 сааты ашыкча иштөө катары төлөнүшү керек, же эгер сиз жумасына 50 саат иштеп, бирок күнүнө 8 сааттан ашпаган убакыт иштейсиз деп макулдашылган болсо, ал сааттардын 2 сааты ашыкча иштөө катары төлөнүшү керек. Ашыкча иштеген сааттар эки жолу эсептелбейт. Шотландиядагы ашыкча иштөө үчүн акыркы тарифтер **эң азы саатына 18,32£ түзөт.**

## Иш убактысы боюнча эрежелер

Эгерде жазуу жүзүндө макулдашылбаса, сизди жумасына 48 сааттан ашык (орточо эсеп менен) иштөөгө мажбурлоого болбойт. Сиз ошондой эле төмөнкүлөргө укуктуусуз:

- Нөөмөттөр ортосунда 11 сааттык эс алууга;
- Жумасына 24 саат үзгүлтүксүз эс алууга же эки жумада 48 саат үзгүлтүксүз эс алууга;
- Эгер күнүнө 6 сааттан ашык иштесеңиз, кеминде 20 мүнөттүк тыныгуу алууга. Сиз бул убакытты үзгүлтүксүз, каалагандай колдонууга укуктуусуз.

## Майрамдар

Сиз жумасына канча күн иштегениңизге жараша акы төлөнүүчү өргүүгө чыгууга укуктуусуз. Мисалы, эгер сиз жумасына 5 күн иштесеңиз, анда 6 айлык келишим боюнча 14 күндүк өргүүгө чыгууга укугуңуз бар (же иштеген ар бир айыңызга 2,3 күн). Эгер сиз жумасына 6 күн иштесеңиз, анда 6 айлык келишим боюнча 16,5 күндүк өргүүгө чыгууга укугуңуз бар (же иштеген ар бир айыңызга 2,75 күн). Эгер сиз жумасына 7 күн иштесеңиз, анда 6 айлык келишим боюнча 19 күндүк өргүүгө чыгууга укугуңуз бар (же иштеген ар бир айыңызга 3,16 күн). Жумушуңуздан кеткенде, **пайдаланылбаган өргүү үчүн сизге акы төлөнүшү керек.**

## Ооруп калууга байланыштуу жөлөкпул

Эгер сиз катары менен кеминде 4 күн жумушка чыга албай калып, ал тууралуу жумуш берүүчүңүзгө алар белгилеген мөөнөткө чейин (же эгер белгиленбеген болсо, 7 күндүн ичинде) кабарласаңыз, жумасына орточо кеминде 125£ иштесеңиз, Ооруп калууга байланыштуу мамлекет тарабынан төлөнүүчү жөлөкпул (SSP) алууга укугуңуз бар.

SSP төлөмү ооруп калгандан кийин 4-күндөн баштап төлөнүп баштайт, ошондуктан оорунун алгачкы 3 күнү үчүн төлөм төлөнбөйт жана жөлөкпул 28 жумага чейин төлөнүшү мүмкүн. Төлөмдүн көлөмү жумасына 118,75£ түзөт.

## Жакын адамы каза болгондо берилүүчү өргүү

Эгер жакын адамыңыз (ата-энеңиз, балаңыз, жубайыңыз же никеде туруп жашаган адамыңыз) каза болуп калса, сизге кеминде 3 күндүк акы төлөнүүчү өргүү берилиши тийиш. Бул күндөрдүн акысы өргүү акысы сыяктуу эле эсептелет.

## Ден соолук жана коопсуздук

Жумуш берүүчү төмөнкүлөрдү акысыз камсыз кылууга милдеттүү: ден соолук жана коопсуздук боюнча акысыз окутуу; маселелер жөнүндө сүйлөшө турган атайын дайындалган адам; олуттуу жаракаттар, жарылуу, суу ташкыны, ууланую, ток уруу, өрт, радиоактивдүү заттардын бөлүнүп чыгышы жана химиялык заттардын төгүлүшү сыяктуу өзгөчө кырдаалдар боюнча план; таза ичүүчү суу; дааратканалар, самын, сүлгү же кол кургаткычтар; аба ырайына ылайыктуу акысыз кийим-кечектер (плащ, өтүк, жамгырда кийүүчү шымдар, кол каптар ж.б.) жана, зарыл болсо, акысыз коргоочу шаймандар (мисалы, каскалар, көз айнектер, көрүнүктүү болгон кийимдер).

Ден соолук жана коопсуздук маселелери боюнча Эмгек гигиенасын коргоо жана коопсуздук боюнча аткаруучу органга төмөнкү онлайн портал аркылуу билдире аласыз: **www.hse.gov.uk/contact/tell-us-about-a-health-and-safety-issue.htm**. Бул форма англис тилинде гана берилген; аны толтурууга сизге жардам керек болсо же көйгөйлөрүңүздү анонимдүү түрдө билдиргиңиз келсе, Жумушчуларды колдоо борборуна кайрылыңыз.

## Медициналык тейлөө

Эгер медициналык жардамга муктаж болсоңуз, Улуу Британияда болгон учуруңузда Улуттук саламаттыкты сактоо кызматынан (NHS) акысыз дарыланууга укуктуусуз. Ага алгачкы жана тез жардам кызматтары кирет. Өзгөчө кырдаалдарда тез жардам чакыруу үчүн, 999 номерине акысыз чалыңыз (NHS аркылуу). Олуттуу жаракат алып калган учурларда жакынкы ооруканага кайрылсаңыз болот, ал эми жеңил ден соолук маселелери боюнча жакынкы медициналык мекемеге, башкача айтканда Жалпы практикалык дарыгерге (GP Practice) кайрылсаңыз болот. Эгер сизге жардам керек болсо, NHS 111 номерине чалып, акысыз медициналык кеңеш ала аласыз. Эгер жаракат алган болсоңуз жана компенсация боюнча маалымат алуу үчүн жеке жаракаттар боюнча юрист менен байланышкыңыз келсе, Жумушчуларды колдоо борборуна кайрылыңыз.

## Жумуш берүүчүнү алмаштыруу

Фермада жумушту баштоодон мурун, жумуш берүүчүңүз жумуш ордун которууга сурамды кантип түзүү керектигин жана сурам жөнөтүлгөндөн кийин эмне болорун так түшүндүрүп бериши керек. Алар олуттуу себепсиз (мисалы, визанын мөөнөтү бүтүп жатканына байланыштуу) сурамды четке какпоого тийиш.

## Турак жай акысы

2025-жылдын апрелине карата, турак жай үчүн кармалып калуучу акы (үйлөрдөн тышкары) күнүнө 10,66£ ашпоого тийиш. Коммуналдык төлөмдөр жумуш берүүчүңүз менен жазуу жүзүндөгү макулдашуу болгондо гана кармалышы мүмкүн.

## Транспорт

Эгерде иш ордуна ташуу милдетин жумуш берүүчүңүз алган болсо, унаалар коопсуз, ал эми айдоочулар окутулган жана лицензиясы болушу керек.

## Жеке коопсуздук

Сиз жумушта жана жашаган жериңизде өзүңүздү коопсуз сезүүгө укуктуусуз. Эгер сиз куугунтукка, коркутууларга же зомбулукка туш болсоңуз, полицияга же ушул китепченин аягында берилген Тең укуктуулук боюнча кеңеш берүү жана колдоо кызматына кайрылып, жардам сураңыз. Ошондой эле Жумушчуларды колдоо борборунан кеңеш ала аласыз.

## Адам сатуу жана эксплуатациялоо

Эгер сизди мажбурлап иштетип жатышса же документтериңизди же эмгек акыңызды тартып алып жатышса, бул мыйзамсыз аракет болуп саналат. Андай аракеттер тууралуу коопсуз түрдө кабарласаңыз болот. Байланыш маалыматтары барактын аягында көрсөтүлгөн.

## Профсоюздар

Сиз мыйзам боюнча профсоюзга мүчө болуп кирүүгө укуктуусуз. Unite the Union профсоюзу айыл чарба жумушчуларын колдойт – ага кошулуу сизге юридикалык кеңеш алууга жана укук бузуулар орун алган учурда жардам алууга мүмкүнчүлүк берет.

# Календарь боюнча көрсөтмөлөр

**Бул календарь сизге жумушуңуз жөнүндө маанилүү маалыматты документтештирүүгө жардам берет; аны коопсуз сактаңыз.**

**Башталышы/Аягы**
Жумушту качан баштап, качан бүткөнүңүздү жаза жүрүңүз. Бул убакытка жумуш берүүчүнүн ишин аткарган бардык убакыт кириши керек.

**Тыныгуулар**
Тыныгууга чыккан убакытты жана ал канчага созулганын жазыңыз. Тыныгуу учурунда эмне кылганыңызды жана каалаган нерсеңизди кыла алдыңызбы же жокпу, жазыңыз.

**Иштөө сааттары**
Күн сайын канча саат иштегениңизди эсептеп, ашыкча иштебегениңизди текшериңиз.

**Жайгашкан дареги**
Кайсы жерде иштегениңизди жазыңыз.

**Жумуштун түрү**
Кандай тапшырмаларды аткарганыңызды жана аларды аткарган убактыңызды жазыңыз.

**Маяналар**
Канча акча алганыңызды жазып, бардык табелдердин көчүрмөсүн сактап алыңыз.

**Кол тамга**
Кесиптештериңизден сиз жазган маалыматты күбөлөндүрүүнү сураныңыз.

**Күнү:** 14.05.25

**Баштоо:** 05.00 | **Аяктоо убакыты:** 16.00 | **Иштеген сааттар:** 10

**Тыныгуулар:**

20 мүн., 09:00 (Автобусту күтүү)/20 мүн., 11:00 (кутучаны алмаштыруу)/20 мүн., 14:00

**Сапар:**

05:00- 05:30: Фургон турактан ферманын кеңсесине чейин/ 05:40- 06:00: Ферманын кеңсесинен талаага чейин /

| **Иштин түрү жана аткарылган убакыт:** | **Иштин жайгашкан жери:** |
|---|---|
| 1. Жетекчи менен жыйып-терүү пункттарын талкуулоо (06:00-06:10). | 1.10-Талаа |
| 2.Кожогаттарды парниктерде терүү. Кожогаттарды парниктерде терүү. (06:10-07:00 / 07:20-09:00) | 2. 10-Талаа |
| 3.Араба/кутучаларды алмаштыруу (07:00-07:10) | 3. 10-Талаа |
| 4.Дааратkана ( 07:10- 07:20) | 4. Дааратkана (талаадан 10 мүнөт жөө басып жетүүгө болот) |
| 5.Кирлерди тазалоо. (10:00-11:00) | 5. 12-Талаа |

**Төлөнгөн маяналар:**

1700£ (2025-жылдын 8-апрелинен 8-майына чейин төлөнгөн)

**Колу/күбө:**

**кол коюлган күн:**

**Күнү:**

**Баштоо:** | **Аяктоо убакыты:** | **Иштеген сааттар:**

**Тыныгуулар:**

**Сапар:**

**Иштин түрү жана аткарылган убакыт:**

**Иштин жайгашкан жери:**

**Төлөнгөн маяналар:**

**Колу/күбө:**

**кол коюлган күн:**

**Күнү:**

**Баштоо:** | **Аяктоо убакыты:** | **Иштеген сааттар:**

**Тыныгуулар:**

**Сапар:**

**Иштин түрү жана аткарылган убакыт:**

**Иштин жайгашкан жери:**

**Төлөнгөн маяналар:**

**Колу/күбө:**

**кол коюлган күн:**

Күнү:

Баштоо:

Аяктоо убакыты:

Иштеген сааттар:

Тыныгуулар:

Сапар:

Иштин түрү жана аткарылган убакыт:

Иштин жайгашкан жери:

Төлөнгөн маяналар:

Колу/күбө:

кол коюлган күн:

**Күнү:**

**Баштоо:**

**Аяктоо убакыты:**

**Иштеген сааттар:**

**Тыныгуулар:**

**Сапар:**

**Иштин түрү жана аткарылган убакыт:**

**Иштин жайгашкан жери:**

**Төлөнгөн маяналар:**

**Колу/күбө:**

**кол коюлган күн:**

Күнү:

Баштоо:

Аяктоо убакыты:

Иштеген сааттар:

Тыныгуулар:

Сапар:

Иштин түрү жана аткарылган убакыт:

Иштин жайгашкан жери:

Төлөнгөн маяналар:

Колу/күбө:

кол коюлган күн:

Күнү:

Баштоо:

Аяктоо убакыты:

Иштеген сааттар:

Тыныгуулар:

Сапар:

Иштин түрү жана аткарылган убакыт:

Иштин жайгашкан жери:

Төлөнгөн маяналар:

Колу/күбө:

кол коюлган күн:

**Күнү:**

**Баштоо:**

**Аяктоо убакыты:**

**Иштеген сааттар:**

**Тыныгуулар:**

**Сапар:**

**Иштин түрү жана аткарылган убакыт:**

**Иштин жайгашкан жери:**

**Төлөнгөн маяналар:**

**Колу/күбө:**

**кол коюлган күн:**

Күнү:

Баштоо:

Аяктоо убакыты:

Иштеген сааттар:

Тыныгуулар:

Сапар:

Иштин түрү жана аткарылган убакыт:

Иштин жайгашкан жери:

Төлөнгөн маяналар:

Колу/күбө:

кол коюлган күн:

**Күнү:**

**Баштоо:** | **Аяктоо убакыты:** | **Иштеген сааттар:**

**Тыныгуулар:**

**Сапар:**

**Иштин түрү жана аткарылган убакыт:**

**Иштин жайгашкан жери:**

**Төлөнгөн маяналар:**

**Колу/күбө:**

**кол коюлган күн:**

Күнү:

Баштоо:

Аяктоо убакыты:

Иштеген сааттар:

Тыныгуулар:

Сапар:

Иштин түрү жана аткарылган убакыт:

Иштин жайгашкан жери:

Төлөнгөн маяналар:

Колу/күбө:

кол коюлган күн:

Күнү:

Баштоо:

Аяктоо убакыты:

Иштеген сааттар:

Тыныгуулар:

Сапар:

Иштин түрү жана аткарылган убакыт:

Иштин жайгашкан жери:

Төлөнгөн маяналар:

Колу/күбө:

кол коюлган күн:

Күнү:

Баштоо:

Аяктоо убакыты:

Иштеген сааттар:

Тыныгуулар:

Сапар:

Иштин түрү жана аткарылган убакыт:

Иштин жайгашкан жери:

Төлөнгөн маяналар:

Колу/күбө:

кол коюлган күн:

Күнү:

Баштоо:

Аяктоо убакыты:

Иштеген сааттар:

Тыныгуулар:

Сапар:

Иштин түрү жана аткарылган убакыт:

Иштин жайгашкан жери:

Төлөнгөн маяналар:

Колу/күбө:

кол коюлган күн:

**Күнү:**

**Баштоо:** **Аяктоо убакыты:** **Иштеген сааттар:**

**Тыныгуулар:**

**Сапар:**

**Иштин түрү жана аткарылган убакыт:**

**Иштин жайгашкан жери:**

**Төлөнгөн маяналар:**

**Колу/күбө:**

**кол коюлган күн:**

**Күнү:**

**Баштоо:**

**Аяктоо убакыты:**

**Иштеген сааттар:**

**Тыныгуулар:**

**Сапар:**

**Иштин түрү жана аткарылган убакыт:**

**Иштин жайгашкан жери:**

**Төлөнгөн маяналар:**

**Колу/күбө:**

**кол коюлган күн:**

Күнү:

Баштоо:

Аяктоо убакыты:

Иштеген сааттар:

Тыныгуулар:

Сапар:

Иштин түрү жана аткарылган убакыт:

Иштин жайгашкан жери:

Төлөнгөн маяналар:

Колу/күбө:

кол коюлган күн:

# БАЙЛАНЫШТАР

## Жумушчуларды колдоо борбору

Акысыз чалуу телефону:
**0800 058 1633.**

Жардам кызматынын иш убакыттары: Шейшемби - Жума: 15:00-19:00 Ишемби: 11:00-16:00 Апрель - Октябрь. Ноябрдан мартка чейин ишеним телефону шейшембиден жумага чейин 15:00-17:30 чейин иштейт. Иш сааттарынан башка убакта бизге билдирүү калтырсаңыз, биз сизге мүмкүн болушунча тезирээк кайра чалабыз.
Биздин адистер украин, орус, литва, казак, венгер, күрд (курманджи), шона, ндебеле, италия, француз, испан жана англис тилдеринде сүйлөшөт – зарыл учурларда котормочуларды камсыз кылып бере алабыз.

Биз менен төмөнкү электрондук почтага жазып байланышсаңыз дагы болот:
**support@workersupportcentre.org.uk**

Биз сезондук жумушчу визасы менен келген айыл-чарба кызматкерлерине акысыз жана купуя кеңештерди беребиз. Шотландиянын фермасында кандайдыр бир көйгөйлөргө туш болсоңуз, биз сизди угуп, кандай кадамдарды аткаруу керектиги тууралуу кеңеш берип, туура чечим кабыл алууңуз үчүн маалымат берүүгө даярбыз. Ошондой эле биз төмөндө көрсөтүлгөн мамлекеттик укук коргоо органдарына көйгөйлөрүңүздү жеткирүүгө жардам беребиз.



# БАЙЛАНЫШТАР

МАМЛЕКЕТТИК КӨЗӨМӨЛ ОРГАНДАРЫ

## Шотландиянын айыл-чарба кызматкерлеринин эмгек акысын камсыздоо тобу

Шотландиянын айыл-чарба кызматкерлери үчүн эмгек шарттары (англис тилинде гана)

Телефону: **07500994734 / 07919335259**
Иштөө убакыттары: Дүйшөмбү – Жума, 09:00 –17:00

Электрондук почтасы: **AWET@gov.scot**

## Эмгек гигиенасын коргоо жана коопсуздук боюнча аткаруучу орган (HSE)

Жаракаттар жөнүндө билдирүү үчүн окуялар боюнча байланыш борбору (англис тилинде гана)

Телефону: **0300 003 1647**
Дүйшөмбү, Шейшемби, Бейшемби жана Жума 08:30-17:00, Ишемби 10:00-17:00. Иштөө убакыттары: Дүйшөмбү – Жума, 08:30–17:00

Вебсайты: **www.hse.gov.uk/contact/tell-us-about-a-health-and-safety-issue.htm**

## Тең укуктуулук боюнча кеңеш берүү жана колдоо кызматы

Дискриминация маселелери боюнча колдоо кызматы (англис тилинде гана)

Телефону: **0808 800 0082**
Иштөө убакыттары: Дүйшөмбү – Жума: 09:00–19:00, Ишемби: 10:00–14:00

Байланыш формасы: **www.equalityadvisoryservice.com/app/ask**

Вебсайты: **www.equalityadvisoryservice.com/**

## Жумушчулардын эмгегин мыйзамсыз пайдаланууга каршы күрөшүү жана жумушка орноштуруучу агенттиктерге көзөмөл жүргүзүү органы (котормочу бар)

Телефону: **0800 432 0804**

Электрондук почтасы: **contact@gla.gov.uk**

Вебсайты: **www.gla.gov.uk**

# БАЙЛАНЫШТАР

**БАШКА МЕКЕМЕЛЕР**

## Профсоюздарды бириктирүү уюмунун Дандидеги бөлүмү

Профсоюзга мүчөлүк

(англис тилинде гана)

Телефону: **01382 227 369**

Вебсайты: **www.unitetheunion.org**

Башка профсоюздар тууралуу маалымат:

**www.gov.uk/join-trade-union**

## Дүйнөлүк өнөр жай жумушчулары

(ДӨЖЖ) (IWW)

Телефону: **scotland@iwww.org.uk**

Вебсайты: **https://iww.org.uk/**

## Заманбап кулчулук боюнча ишеним телефону

(котормочу жеткиликтүү)

Адам сатуу жана эксплуатациялоо

Телефону: **0800 0 121 700**
(күнүнө 24 саат, жумасына 7 күн)

Вебсайты: **www.modernslaveryhelpline.org**

KG

Жумушчуларды колдоо борбору
support@workersupportcentre.org.uk
0800 058 1633